**УДК: 894**

***Жээренчиева М.***
*Жээренчиева Мээрим – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ЖАНРДЫК ЖАҢЫЛАНУУЛАР

# ЖАНРОВЫЕ НОВАЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ

# GENRE INNOVATIONS IN KYRGYZ POETRY

***Аннотация:*** *Аталган макалада кыргыз адабиятындагы жанрдык жиктелүүлөр, айрыкча поэзиядагы жанрлар тууралуу кенен сөз болот. Андан ары кыргыз профессионалдуу жазма адабиятынын жаралышындагы элдик жанрлардын таасири талданат. Айрыкча элдик оозеки чыгармачылыктагы кошок, арман жанрынын профессионалдуу адабиятка таасири, анын жазма адабияттын жаралышындагы орду, мааниси талданат. Мисалы, кошоктун элдик оозеки чыгармачылыкта берилиши, акындар чыгармачылыгында кайрадан иштелиши, профессионалдык поэзияда формалык, мазмундук тарнсформациясы кандай болгондугу Абылкасым Жутакеев, Аалы Токомбаев, Темиркул Үмөталиев, Шүкүрбек Бейшеналиев, Мукай Элебаев, Сүйүнбай сындуу авторлордун чыгармаларынын негизинде талданат.*

***Аннотация:*** *В данной статье широко обсуждается жанровое деление в кыргызской литературе, особенно жанры в поэзии. Далее анализируется влияние фольклорных жанров на создание кыргызской профессиональной письменной литературы. В частности, анализируется влияние жанра плача и мечтаний (арман) в народном творчестве на профессиональную литературу, его место и значение в создании письменной литературы. Например, на примере произведений таких критических авторов, как Абылкасым Жутакеев, Аалы Токомбаев, Темиркул Умоталиев, Шукурбек Бейшеналиев, Мукай Элебаев, Суюнбай, анализируется представление плача в народном творчестве, ее переработка в творчестве поэтов, ее формальная и содержательная трансформации в профессиональной поэзии.*

***Annotation:*** *This article widely discusses the genre division in Kyrgyz literature, especially poetry genres. The influence of folklore genres on the creation of Kyrgyz professional written literature is also analyzed. In particular, the influence of the "crying and dreams" (arman) genre in folk culture on professional literature is analyzed, as well as its place and significance in the creation of written literature. For instance, using the example of the works of such critical authors as Abylkasym Zhutakeev, Aaly Tokombaev, Temirkul Umotaliev, Shukurbek Beishenaliev, Mukai Elebaev, Suyunbay, the representation of crying in folk culture, its processing in the work of poets, its formal and meaningful transformation in professional poetry are analyzed.*

***Ачкыч сөздөр****: поэзия, фольклор, акындар чыгармачылыгы, профессионалдык поэзия, салт, жаңычылдык, таасир ж.б.*

***Ключевые слова:*** *поэзия, фольклор, творчество поэтов, профессиональная поэзия, традиция, новаторство, влияние и др.*

***Key words:*** *poety, folklore, creativity of poets, professional poetry, tradition, innovationn influenceo etc.*

Кыргыз адабияты боюнча терминдер сөздүктөрүндө, теориялык адабияттарда жанр түшүнүгү боюнча толук такталган бир аныктама жок. «Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө» (1994) «адабий чыгарманын негизги тектери – эпос, лирика, драма жана алардын ар кыл бөлүнүштөрү жанрга кирет. Жанр деп азыркы учурдагы адабий чыгармалардын түрлөрүнүн жана бөлүктөрүнүн формалары да аталары» [1, 31-

б.], ошондой эле тематикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык жанрларга да бөлүнө турганы жазылып, же форманы, же түрлөрдүн андан ары бөлүнүштөрүн, же тематикалык жиктелүүнү айтабызбы, ачыкталбайт. Адабиятын теориясы боюнча бараандуу эмгек жазган М.Борбугулов сатира, юмор сындуу аталыштарды турмушту көркөм чагылдыруунун түрү катары аныктап, «жазуучу турмуштун чыныгы жана конкрет фактыларын белгилүү бир өлчөмдө тандап алып, аны турмуштан алган өзүнүн таасирлери жана тажрыйбасы менен айкалыштырышында, жууруп жиберишинде» [2, 60-б.] очерк, документалдуу аңгеме, повесть, роман сындуу түр менен берилерин жазат. Ал эми С.Жигитов Г.Д.Гачевдин «Содержательность художественных форм. (1968), Ю.Борьевдин «Введение в эстетику (1965) аттуу эмгектерине таянуу менен «тигил же бул конкреттүү турмуштук мазмун чагыла турган конкереттүү көркөм форма» [3, 27-б.] катары карайт. Негизинен мындай атоо түрдүн андан ары жиктелиши боюнча жалпыланма мүнөздө болгонун көрөбүз. Мындай тариздеги ойду адабиятчы К.Асаналиев, Р.Кыдырбаевалар да карманышып: «жанр дегенибиз көркөм сөз өнөрүнүн өнүгүшүндөгү ар түрдүү чыгармалардын өзүнчө бөлүнүп, калыптанган адабий жиктелиши» [4, 524-б.] катары сыпаттап, андан аны жалпыланма маанайдагы ойду билдиришет. Жанр боюнча аталган пикирлерди талдай келип, жанр дегенибиз адабий чыгармалардын түрлөрүнүн андан ары мазмундук, формалык жиктелүүсүнө жакын экендигин баамдоого болот. Башкача айтканда, арман, кошок, эмгек, сүйүү, бешик, оюн, айтыш ж.б. жанрлар байыртадан бери калыптанып, жанрдык түскө ээ болсо, кийин пейзаждык дирика, ода, элегия, эпиграмма, эпитафия ж.б. жанрлар калыптанганын көрөбүз. Бул оюбузду далилдөөдө С.Жигитовдун пикирине таянууга болот. Ал «көркөм форма деген сенейип катып калган мазмундун өзү, азыр көркөм форма деп саналган нерсе бир убакта реалдуу турмуштун жандуу көрүнүшү болгон, анан ал көрүнүш адамдардын эстетикалык аң-сезиминде чагылып, бара-бара туруктуу форма алып, акырында мазмундуу формага же поэтикалык ой жүгүртүүнүн категориясына айланган» [6, С. 24-32] деген Г.Д.Гачевдин пикирине таянуу менен поэзиядагы жанр деген термин көркөм форма экенин аныктайт. [3, 27-б.]. Демек, профессионалдык поэзияда байыркы элдик лирикадагы жанрдык түрлөр, улам мезгил берилеген сайын жаралган жаңычыл көркөм жанрлар синкреттик абалда жашап, профессионалдуу поэзия жанрдык жактан синтездешкен абалда өнүккөнүн көрөбүз. Мисалы, кошок, арман, санат-насыят, жомок ж.б. жанрларды алалы.

Кошок – элдик оозеки чыгармачылыкта бул дүйнөдөн өткөн адамдын жакындары (кыздары, эже-карындаштары, аялы ж.б.) тарабынан ыр формасында каза болгон адамдын кулкмүнөзүн, жүрүм-турумун, калкы үчүн жасап кеткен жакшы иштерин даңазалап ырдаган элдик лирикалык ырлардын бир түрү. Жаралыш тарыхы байыркы мезгилдерге барып такалса дагы бүгүнкү күнгө чейин ырдалып, ал эмес профессионалдык поэзияда да жазылып келген өзгөчө жанр деп айтууга болот. Ал эми жанрдын келип чыгышы, коомдук кызматы, жанр катары калыптануу эволюциясы буга чейин бир катар эмгектерде талданып келген. Биздин милдет кошок жанрынын элдик чыгармачылыктагы жанр катары мүнөзү жана анын акындар чыгармачылыгында, профессионалдык поэзияда мазмундук, формалык тарансформасиясын талдоо болуп саналат.

Кошок элдик чыгармачылыкта пайда болуп, түрдү социалдык-саясий, тарыхый факторлордон таасиринен улам мазмундук жактан жаңыланып, формалык жактан белгилүү бир ыкка түшүп, өзүнчө жанр катары калыптанган. Байыркы бир мезгилдерде кошок үй-бүлөнү тамакаш, кийим-кече сындуу зарылдыктар менен камсыздап турган,

негизги күч болгон үй-бүлөнүн тиреги, атасынын, энесинен айрылган жакындарынын, бала-чакасынын күйүтү, алардын кайгы-муңун чагылдырган ыр катары айтылган. Башкача айтканда кошок үй-бүлө мүчөлөрү же жакын туугандары тарабынан гана аткарылган. Буга элдик чыгармачылыктагы «Керимбайга энесинин кошкону», «Салмоорбекке атасынын кошкону», «Бурулкандык кызынын кошогу», «Маананын кошогу», «Субандын кошогу» ж.б.

Улам мезгил өткөн сайын эл арасында кадимкидей сөзгө чебер, үнү уккулуктуу, кошокчулардын тобу пайда болуп, өлүк коюу зыйнатында алыстан алдырып, айттырышкан. Башкача айтканда, кошокчулук кесиптик мүнөзгө ээ болгон. Көбүнчө сөзү оозунда болгон айтуучулардын тобу пайда болот. Кошок кошууда атага, энеге тирек, бейиш, медер, жөлөк маанисинде, баласына же кызына «кулунум» деп кошуу, кайын инисине «жайдарым» деп кошуу сындуу ич ара тармакталып, ар бир кошулуп жаткан адамдын өзгөчөлүгүнө жараша ырдалган. Кошокчуларды же сөз билген ырчыларды алдырып кошуу, ар бир кошоктун өзгөчө мүнөз кошуп ырдалышына жараша тармакталган.

Өлгөн адамдын жаман-жакшы сапат-белгилерин, эл арасындагы аброй-беделин кошуп ырдоо XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы төкмө акындардын чыгармачылыгында да уланат. Бул мезгилде элдик мүнөз күткөн кошок жанры, акындардын чыгармачылыгында мазмундук, формалык жактан трансформацияланып (Мисалы, Тоголок Молдо «Дыйкандын аялынын кошогу», «Устанын аялынын кошогу», «Калмергендин аялынын кошогу», «Гүл ойрон» ж.б.) кайрадан акындардын чыгармачылыгында иштелип чыгат. Ошондой эле ырчылык өнөрдү кесип кылган акындардын чыгармачылыгында «Токтогул дүйнөдөн өткөндө Корголдун айткан кошогу», «Эки ногойдун кошкону» (Арстанбек), «Абылгазы өлгөндөгү Үмөталынын кошогу» сындуу кошоктор жаралып, элдик мүнөз күткөн кошоктор ар бир айтылган кошоктун жаратуучусунун аты менен тарап, жекеликке багыт алуу башталат. «Кара жаак кайкы тил, Кара жаак бууданым. Карысаң да бел элең, Катарымда турбадың.

Калкың ыр, күүсүз калды деп,

Каңырык түтөп ыйладым» [6, С. 256] (Токтогул дүйнөдөн өткөндө Корголдун айткан кошогу). Мисалда көрүнүп тургандай, кошоктогу «кара жаак», «кайкы тил» деп сыпаттоодон эле ыр өнөрүн карманган акын тууралуу сөз болуп жатканы түшүнүктүү болот. Мына ушундай сыпаттоолор улам бир мезгилдин шартына жараша өзгөрүп, жаңычыл мазмун менен толукталып турду.

Ал эми совет мезгилинин алгачкы жылдарында дүйнөнү көркөм аңдоонун бир формасы, элдин эстетикалык тажрыйбасынын бир ыгы катары аталган жанрдык форма өз өнүгүүсүн улантты. Бул тууралуу адабиятчы О.Ибраимов: «стихи-плачи одного из значительной киргизской советской литеартуры, по-своему исчерпывая саму тему велчия владимира Ильича (на уровень понимания тех лет), создавали почву не только для невольных образных повторений и смысловых перепелов для других, его и, как ни странно это отметить, подтолкнули к движению вперед» [7, С. 306] – деген пикирин билдирет. Ал жылдары советтик чоң идеологиянын башында турган Лениндин дүйнөдөн өткөндүгүнүн урматына бир катар кошок мотивиндеги жоктоолор жаралды. А.Токомбаев бир түндө кошок жазып, кийин ал 1924-жылы «Ленин тууралуу» деген жыйнагында жарык көрөт.

Ошондой эле А.Жутакеевдин «Ленин кошогу» да ошол учурда жазылат.

«Алтын тондун жакасын,
Аргымактын такасын,

Ардактуу Ленин капасын,
Кейитип алды табигат,
Кедейлердин атасын» [8, 24-32-б.].

Мезгилдик жактан алганда элдик кол жазма адабиятынын өкүлү болгон А.Жутакеевдин кошогу да жазма адабияттын алгачкы үлгүсү катары жарык көргөн А.Токомбаевдин Ленинди жоктоосу да бир мезгилдик мерчемде жаралып жаратуучулардын берейин деген ою бирөө – жол башчы Лениндин жарык дүйнөдөн өткөнүнө кайгыруу, анын караламан калк үчүн жасаган иштерин даңазалоо. Бирок, мисалда көрүнүп тургандай, сүрөттөө ыкмалары, ойду берүү, 7-8муундан турган ыр түзүлүшүн пайдалануу жагынан экөөндө тең элдик кошоктордун негизинде бирилгенин көрөбүз. Кошоктордогу Ленинди «кедейлердин атасы», «паракор менен залимдин, башына тиер огу», «кара таман кедейге, карк алтындай кен», «большевиктин журтуна, базар коргон чеп» ж.б. деп сыпаттоосу ошол мезгилдин социалдык абалын, партиянын саясий ишмердигин кошо чагылдыруу аркылуу жазылган. Ушундай эле Ленинге арналган алгачкы жазма акындардын ырларынын көбүндө салтуу форманы сактап, калыптанган элдик көркөм сүрөттөөлөр менен өз заманынын ийгилик, жетишкендиктерин ырга кошо жазылган саясий мааниси күчтүү чыгармалар жаралды. Бул тенденция улам кийинки чыгармаларда уланып, элдик кошок формасында ырдалганы менен мазмундук жактан жаңыланып, совет мезгилинин ийгилик, кемчиликтерин кошо көркөм сүрөттөп жатышты. Башкача айтканда, кошок формасындагы ырларда да элдин социалык абалы, өлкөнүн саясий жетишкендиктери кошо айтылды.

Мына ушундай кошок жанрын чыгармачылыкта пайдалануу көпчүлүк акындарда мыкты тажрыйбаланды. Мисалы, Т.Үмөталиевдин «Токтогул тууралуу кошок», «Баактырдын өлүмү», «Кош», «Кайыр кош», Ш.Бейшеналиев «Кошок», М.Элебаев «Энеси менен коштошуу», С.Эралиевдин «Атайдын эстелигине» ж.б. чыгармалар ушул мотивде жаралган.

Кошок формасы улам кийинки мезгилде негизги форма катары ырдалып бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен. XXI кылымдагы «Чыңгыз өлбөс болсочу» (Элмирбек), «Тунугу кетти жылдыздын, тулпары кетти кыргыздын (Асылбек) сындуу кошок формасындагы чыгармалар жаралып, ар бир мезгилде аталган жанр формалык жактан өз калыбын сактасы да мазмундук жактан жаңыланып, биздин күндөргө келип жетти.

Профессионалдык поэзияда салтуу жанрлардын көркөм иштелиши, арман жанрындагы ырларынан да көрүнөт.

Арман элдик чыгармачылыкта кеңири тараган – жанр. Арман ырларында адамдын укуксуздугу, турмуштук теңсиздик, эрксиздиктен улам айтуучунун ички сезимдери (кайгыруусу, күйүтү, муң-зары ж.б.) чагылдырылат. Байыркы мезгилдерде социалдык теңсиздиктен улам арман ырлары жаралган. Мисалы, «Койчунун арманы», «Кыздын арманы», «Кыз Кенжекенин арманы», «Сокурдун арманы», «Төркүнүнө жетпеген кыздын арманы», «Төрөбөгөн аялдын арманы» ж.б. деги койчу турмуштагы бардык жетишпегендиктерден улам арман ырлары түрдүү тематикада (күйгөн, карылык ж.б.), түрдүү багытта жарала берген.

«Койчу болдум башынан,
Кордукту тарттым жашыман.
Кошомат кылып кой бактым,
Курсагымдын ачынан» [9, 35-б.]

Аталган жанр XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы төкмө жана кол жазма акындарынын чыгармачылыгында да уланып, арман ырларын өнүктүрүүдө эл акындарынын таасири күчтүү болгон. Анын бир эле мисалы, карылык тууралуу элдик арман ырлары өнүктүрүлүп ар бир акында салттуу мүнөз күтүп, төкмө акындарда бүгүнкүгө чейин ырдалып келет.

«Көмүрчүнүн
атындай, Кыйшаң
болгон кезегим.
Көп өмүрүм
өткөрүп, Шыйпаң
болгон кезегим.
Ал-күчтөн ажырап,
Арып калган
кезегим.
Аппак болуп сакалым,

Карып калган кезегим. [10, 177]. ошондй эле баласыздык арманы да акындардын чыгармачылыгында ырдалып, мазмундук, көркөмдүк жактан өнүктүрүлөт. «Сарыны кийдим тогунан, Саргайдым бала жогунан. Караны кийдим тогунан, Кайгырдым бала жогунан. Кызымдык терген кең колот, Кырына барып эл конот.

Кымбатым, элим, келипсиң,
Кыйытып айтсам не болот?» [11, 177].

Ошондой эле акындардын жекече адамдык турмушунун оордугу, тагдырдын татаалдыгы да арман ырларды жаратууга түртөт. Алардын бири, жокчулук турмушун арман кылып ырдаган Калыкты чыгармачылыгында кездешет: «Он төртүмдө жалдантып, Малай кылдың, жокчулук. Жатканымды мал баккан, Сарай кылдың, жокчулук. Чемирчегим жашымдан,

Кайырдың го жокчулук,
Чечен тилди тең сөздөн,
Айырдың го жокчулук» [9, 40-б.].

«Арман жанры өзүнүн келип чыгышы боюнча эң байыркы формалардын түрүнө туура келет, бирок, ал биротоло селейип катып калган нерсе эмес. Арман ыры, ар кандай эле элдик поэтикалык жанрлардай, жаңы турмуштук көрүнүштөргө, коомдук-социалдык өзгөрүүлөргө ылайык өзүнүн көркөмдүк табиятын катмарланууга, жаңыланууга дуушар кылат» [9, 16-б.] - деп адабиятчылар Б.Кебекова, Ж.Байтерековалар эскергендей, ал ар бир мезгил, доордун шартына жараша арман ырлары өзгөрүп, мазмундук жаңыланууга дуушар болгон.

Совет мамлекети түзүлүп, кыргыз профессионал поэзиясынын алгач башатында турган жазмакерлердин чыгармачылыгында да арман мотивиндеги чыгармалар жаралып, учурдун шартына жараша «Окуу арманы», «Зарыгам» (М.Элебаев), «Сагынам», «Кайгы күн» (Б.Калпаков) ж.б. деген чыгармалар жаралды. «Шум турмуш тушап бутумду, Эрте ойгонуп калбадым. Өткөзүп окуу кызыгын, Ичимде калды арманым.

Келемин көрүп «сонунду»,
Кетире албай шорумду.
Мезгилинен көп кийин,
Кеч сермедим колумду» [12, 21-б.].

Мукай Элебаевдин элдик чыгармачылыктагы салттуу болгон жанр-арман ырларынын нугунда чыгарма жаратышына биринчиден, Мукайдын фольклорго өтө жакындыгы, бир катар кенже эпосторду басмадан чыгаруу үчүн бир катар аракеттерди көрүшү, экинчиден, Токтогул Сатылгановдун чыгармаларын казак тилине, Жамбыл акындын ырларын кыргыз тилине которууга абдан көп аракет кылгандыбы. Тактап айтканда элдик мурастар, акындар чыгармачылыгы менен абдан жакындан тааныш болгондугу себеп болгонун айтууга болот.

Демек, профессионалдуу кыргыз поэзиясынын алгачкы «кирпичтерин» кынаган акындарыбыздын чыгармачылыгында мазмундук, формалык, идеялык, тематикалык жактан жаңычылдыктарга умтулуу, жаңы образ жаратууга белсенүүгө чоң талап жана аракет болсо дагы элдик чыгармачылыкта калыптанган жанрлардын мотивдери, ыр түзүлүштөрүнөн кескин баш тарта алышкан эмес. Алардын чыгармаларынын арасында элдик нуктагы көркөм чыгармалар да жарала калып жаткан.

Жаңы жаралган жазма поэзия элдик чыгармачылык менен камыр-жумур болуп, оозеки чыгармачылыктан дароо жазмакерликке өтүп кеткен эмес. Фольклоризмден профессионалдуулукка өтүүдө адабий процесстин удаалаштыгын түзүп турган акындар чыгармачылыгы деген чоң этаптын, «феноменалдык кубулуштун» таасири күчтүү болгон. Оозеки формада, элдүүлүк мүнөздүү болгон элдик чыгармачылык, акырындап акындар поэзиясында кол жазма түрүндө жызмакерликтин салттарын калыптандыра баштаса, кара сөз формасындагы чыгармалар акырындык менен ыр формасына айланып, коллективдин чыгармачылыгы авторлук салтка өтө баштап, мунун негизинде индивидуалдык, жекелик белгилер калыптанган. Бул жазма адабияттын, асыресе профессионал поэзиянын жаралышына түптөлүшүнө алгачкы пайдубал, кыртыш болуп бергендигин аңдабай коюуга болбойт.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү: Мектеп окуучулары үчүн. [Текст] / Түзг.: Ж.Шериев, А.Муратов, . – Бишкек: КЭнин башкы ред., – 1994, 160 б.
2. Борбугулов, М. Адабият теориясы [Текст] / М.Борбугулов. – Бишкек: «Шам», 1996. – 552 б.
3. Жигитов, С. Ырлар жана жылдар [Текст]: С.Жигитов. – Фрунзе: “Кыргызстан”, 1972. – 179 б.
4. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. А. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст] / Р.Кыдырбаева, К.Асаналиев. – Бишкек, 2004. – 572 б.
5. Гачев, Д.Г. Содержательность художественных форм [Текст] / Д. Гачев – Москва: «Просвещение», - 1986. – С. 243
6. Музооке, Айтыке, Коргол, Эшмамбет. 4-том: [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы менен. Түз.: А.Акматалиев, А Обозканов. – Б. «Шам», – 2006. – 256 б. («Залкар акындар» сериясы)
7. Ибраимиов, О. История кыргызской литературы (20-50-е годы) [Текст] / О. Ибраимов – Бишкек: «Кыргызстан», – 1991. – 306. 8. Абылкасым Жутакеев: Чыгармалар жыйнагы / Түзүп, баш сөзүн жазган. – К.Ибраимов. – Б.: «Бийиктик», - 2013. – 204 бет., 149-б.
9. Арман ырлары жана Ак Мөөр [Текст] / Түзгөндөр: А.Акматалиев, Ж.Байтерекова, Н.Ыйсаева; А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Бишкек: «Шам», 2003. – 500 б. («Эл адабияты? 22-том»)

10. Токтогул Сатылганов: Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. [Текст] / Редкол.: О.Султанов, Түзгөн: Ж.Таштемиров. – Фрунзе: “Адабият”, 1989. – Т.2., - 260 б.

11. Жеңижок: Ырлар айтыштар. / Түз. А.Акматалиев, А.Жусупбеков, М.Мукасов. – Бишкек:»шам», 1999. – 320 б. (Залкар акындар). – 86-б.

12. Элебаев, М. 3-том. / Түзгөн: О. Сооронов. – Бишкек: «Имак-офсет», – 680 б. – 21-б. (ОКТ сериясынан)